**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. УКУК**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ПРАВО

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. LAW

**e-ISSN: 1694-8661**
№1(6)2025, 92-99

**УДК: 340.1**
**DOI:** 10.52754/16948661_2025_1(6)_14

# МАМЛЕКЕТТИК МАЖБУРЛООНУН ТҮШҮНҮГҮ

## ПОНЯТИЕ ГОСУДАРСТВЕННОГО ПРИНУЖДЕНИЯ

## THE CONCEPT OF STATE COERCION

**Жусубалиева Мунара Курбаналиевна**
Жусубалиева Мунара Курбаналиевна
Zhusubalieva Munara Kurbanalievna

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior lecturer, Osh State University*
mjusubalieva@mail.ru

# МАМЛЕКЕТТИК МАЖБУРЛООНУН ТҮШҮНҮГҮ

**Аннотация**

Маанилүүлүк. Макала учурдагы мамлекеттик мажбурлоо институтунун изилдөөнүн актуалдуулугу негизделип анын укуктук тартипти камсыз кылуу, мамлекеттик функциянын натыйжалуулугу менен байланышта каралган. Мамлекеттик мажбурлоо институтунун учурдагы түшүнүк аппараттарын, алардын ишке ашыруусундагы көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Макаланын изилдөө усулдары катары жалпы илимий усулдар менен бирдикте атайын усулдар индукция, дедукция, синтездөө, тутумдук түзүмдүк, формалдуу логикалык усулдар кодонулду. Макаланын максаты мамлекеттик мажбурлоонун түшүнүк аппаратынын калыптануусу аркылуу учурдагы анын мазмундук жактарын ачып берүүгө багытталган. Ошону менен бирдикте учурдагы мамлекеттик мажбурлоо түшүнүк аппаратынын мазмундук жактарын толуктоо менен анын мүнөздүү белгилерин жалпылаштырууга саналат.

**Ачкыч сөздөр:** заманбап жаштар, сергек жашоо, жаман адаттар, COVID- 19, иммунитет

## Понятие государственного принуждения

**Аннотация**
Актуальность. В статье обосновывается актуальность изучения современного института государственного принуждения и его связи с обеспечением правопорядка и эффективностью государственных функций. Целью статьи является рассмотрение современного понятийного аппарата института государственного принуждения и проблем его реализации. Методами исследования статьи, наряду с общенаучными методами, были обозначены специальные методы: индукция, дедукция, синтез, системно-структурный и формально-логический методы. Целью статьи — является раскрытье содержательных аспектов государственного принуждения через формирование его понятийного аппарата. При этом ставится задача обобщить характерные черты современного понятийного аппарата государственного принуждения, дополнение его содержательных аспектов.

**Ключевые слова:** государственное принуждение, права человека, правовой порядок, материальное право, процессуальное право, законность, психологическое, юридическое, экономическое

## The concept of state coercion

**Abstract**
Relevance. The article substantiates the relevance of studying the modern institution of state coercion and its connection with ensuring law and order and the effectiveness of state functions. The purpose of the article is to consider the modern conceptual apparatus of the institution of state coercion and the problems of its implementation.

The research methods of the article, along with general scientific methods, were designated special methods: induction, deduction, synthesis, system-structural and formal-logical methods.
The purpose of the article is to reveal the substantive aspects of state coercion through the formation of its conceptual apparatus. At the same time, the task is to generalize the characteristic features of the modern conceptual apparatus of state coercion, supplementing its substantive aspects.

***Keywords:*** State coercion, human rights, legal order, substantive law, procedural law, legality, psychological, legal, economic

**Киришүү**

Актуалдуулугу. Учурдагы коомдук мамилелердин татаалдашы бир катар көлөмдүү түзүмдүк жана мазмундук жактарын түп тамырынан бери өзгөртүүгө алып келди. Коомдук мамилелерди ырattуу жөнгө салуу кайсыл гана мамлекеттин болбосун негизги функцияларынын бири катары келип чыгат.

Коомдук мамилелер чөйрөсү бир катар социалдык жөнгө салуучу механизмдерди өзүнө камтыйт, моралдык, диний, корпоративдик, техникалык, каада салттар жана ошондой эле укуктук.

Учурдагы коомдук мамилелерди жөнгө салууда укук универсалдуу каражат катары башка социалдык нормалардан айрымаланат. Так ошол укуктагы мамлекеттик мажбурлоонун белгиси аны бир катар натыйжалуу жөнгө салуу каражаты катары гана таанybастан, укуктук социалдык мамлекеттин тутумунда социалдык адилеттүүлүктү орнотуу, укукбузууларды алдын алуу жана бөгөт коюу сыяктуу чараларды иш жүзүнө ашырат.

С.Н. Братусь белгилегендей: « укуктун ченеми мамлекеттик мажбурлоо мүмкүнчүлүгү менен ажырагыс байланышта. Бул мажбурлоону, эгерде мыйзам талаптары өз ыктыяры менен аткарылбаса, укуктук нормаларды аткарууга мажбурлоочу атайын аппаратсыз элестетүү мүмкүн эмес.

Мындан келип чыккандай, мыйзамдын ченемдик табияты мамлекеттик мажбурлоо мүмкүнчүлүгүн камтыган жана демек, мыйзамда санкция деп аталуучу нерсе, кандайдыр бир аракетти (позитивдүү милдетти) жасообу же кандайдыр бир иш-аракетти (милдеттен баш тартуу) болобу, аткарууга мажбурлоонун белгилүү бир чарасынын тике же кыйыр көрсөткүчү болуп саналат» [1.с.48] деп аябай так аныктаган.

Мына ошондуктан мамлекеттик мажбурлоонун орун алышы анын атайын мажбурлоону ишке ашыруучу институттарды укук коргоо органдарын,сот бийлигин өзүнө камтылуусун шарттайт.

Мамлекетик мажбурлоо аныкталган процедуралык элементтерди камтуу менен бирдикте материалдык жана процессуалдык укуктун негизинде иш жүзүнө ашырылат.

Мамлекеттик мажбурлоонун көлөмү жана механизмдери ар бир мамлекет тарабынан өз алдынча аныкталат. Бул жерде маанилүү таасир этүүчү фактор катары мамлекеттик түзүлүш, башкаруу жана саясий режимдин формасы негизги мааниге ээ болот.

Тоталитардык мамлекеттерде мамлекеттик мажбурлоо бир канча катаал жүргүзүлүп мамлекеттик институттуардын монополиясы аркылуу бир канча антидемократиялык мүнөзгө ээ болушу мүмкүн.

Жалпы ачык бийликтин болушу мамлекеттин башкарылуусуна шарт түзүү менен аны аныкталган демократиялык принциптердин негизинде ишке ашыруу механизмдерин карайт.

Кыргызстан да укуктук социалдык мамлекет катары бир канча  эл аралык жалпы таанылган адам укуктарынын жана эркиндиктеринин чөйрөсүндөгү эл аралык актыларды ратификациялап,  улуттук укук тутумунда анын маанилүү жоболорун кийирген.

Учурдагы Кыргызстандын укуктук шарттарындагы мамлекетик мажбурлоонун укуктук табиятын изилдөө өзгөчө актуалдуулукка ээ. Анткени татаалдашкан коомдук мамилелерди жөнгө салуу анын натыйжалуулугуна жетишүү, укукбузууларды алдын алуу жана ага каршы күрөшүү саясатынын мазмунун ачыктайт.

Мына ошондуктан мамлекеттик мажбурлоонун теориялык аспектилерин толук кандуу жана ара тараптуу изилдөө зарылчылыгы жатат.

*Изилдөөнүнү материалдары  усулдары жана максаты*: Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган тема боюнча теориялык концепциялар,окумуштуулардын көз караштары, укуктук практиканын материалдарына кайрылдык.

Изилдөө процессинде жалпы илимий усулдар менен бирдикте атайын усулдар индукция, дедукция, синтездөө, тутумдук түзүмдүк, формалдуу логикалык усулдар кодонулду.

Изилдөөнүн максаты мамлекеттик мажбурлоо институтунун түшүнүк аппаратын анын калыптануу тарыхы аркылуу сыпаттоо менен анын мүнөздүү белгилерин аныктоо саналат.

*Талкуулоо*: Учурдагы мамлекеттик мажбурлоо укуктук саясаттын маанилүү багыттарынын бири катары  коомдук мамилелерди адекваттуу жөнгө салуу максатын көздөйт.

Мамлекеттик мажбурлоонун учурдагы абалы  талдоо бир катар маанилүү факторлор менен да шартталган аларга;

- Кыргызстандын укуктук социалдык мамлекет катары жарыяланышы;

-адам укуктарынын жана эркиндиктеринин артыкчылыктуулугу;

-укуктук саясаттагы  гумандаштыруунун ишке ашырылуусу;

-мыйзамдуулук жана укуктук тартиптин абалы саналат.

Укуктук мамлекетте  жарандар мамлекеттик мажбурлоонун  кандай катышы болушу керек экендиги, укуктук санкциялардын   либералдашуусу сыяктуу суроолор өзгөчө мааниге ээ. Айрыкча юридикалык жоопкерчиик менен байланышкан мамилелерде   мамлекеттин репрессивдүү саясаттан компромисстүү саясатка карай багыт алышы  бир канча  алдыга жылуу  катары баалого болот.

Кыргызстан постсоветтик өлкө катары бир катар советтик укуктук доктриналарды өзүнө алгандыгы чындык . бул жагдайдын жакшы жана жана жаман жактары дагы орун алган. Советтик доордо мамлекттик мажбурлоонун монополиясы кескин күчөп бир канча репрессивдүү   болгондугун белгилей кетүү керек. Көптөгөн коомдук мамилелерди жөнгө салууда мамлекеттик  мажбурлооун үстөмдүгү өкүм сүрүп келген.

Эгемендүүлүк кабыл алынган кийин гана бир канча олутту жылыштар болуу менен мамлекеттик мажбурлоонун репрессивдик усулдарынан бир канча демократиялуу усулдарына да өтүүгү шарт түзүлдү.

Коомдук мамилелер чөйрөсү түп тамырынан бери өзгөрүүгө дуушар болуу менен адамдар арасында ойдун көп түрдүүлүгү, адам баалуулугу сыяктуу суроолор бир топ орчундуу орунга ээ болду.

Мажбурлоо бир канча тарыхый чоң дорду басып өтүү менен коомдук мамилелердин ар кандай этаптарында өзгөрүлүп, жаңыланып келе берген. Алгачкы мажбурлоолор алтын кылым болгон алгачкы общиналык коомдо дар орун алган.

Философияда, динде мажбурлоо, жамандыкка каршы туруу сыяктуу суроолор ар дайым коюлуп келген.

Цицерон өзүнүн эмгектеринде укук түшүнүгүн мажбурлоо менен ажырагыс байланышта деп корутундулайт: «Адам коомун бир мыйзам менен бекиткен бир гана мыйзам бар, бул мыйзам буйрук жана тыюу салуу үчүн чыныгы негиз болуп саналат деп белгилеген.

Цицерон мажбурлоону айырмалайт. Ал: мыйзамдарды аткаруу үчүн колдонулган жана падышалык режимдин тушундагы башкаруучулар тарабынан колдонулган мажбурлоону баса белгилейт. Республикада акыркы түрү колдонулбайт, ал жерде мыйзам башкарат, ал эми философ бул жөнүндө айтып, республикалык түзүлүштү ээнбаштык деп атайт. «Чексиз өз эрки жарандардын ушунчалык тоюп, рухунун алсыз болуп калышына алып келет, эгерде бийлик аларга кичине эле мажбурлоону колдонсо, кыжырланып, ага чыдай албай, жадакалса мыйзамдарга кайдыгер мамиле жасап, эч кандай башкаруучу жок болуп калышат» [2.с.165] дейт.

Канттын айтымында: «мажбурлоо – конституциялык мамлекеттин күч колдонуусу. Мыйзамдын чыныгы чакырыгы – адеп-ахлакка ал өзүн көрсөтө ала турган чектерде, инсандын эркиндигин көрсөтө ала турган чектерде ишенимдүү кепилдик берүү. Жарандык коомдогу ар бир инсан (жана Кант аны мыйзам өкүм сүргөн деп эсептейт) бирдей кадыр-баркка, абсолюттук баалуулукка жана моралдык аң-сезимдин субьектиси болуу жөндөмүнө ээ деп таанылат. Эрктин автономиясы инсанды өзүнүн ээнбаштыгынан да, анын үстүнөн коомдук бүтүндүктүн толук үстөмдүгүнөн да бирдей коргойт, анын эркиндигинин, башкача айтканда, өзүнө кожоюн болуу, өз максаттарын жана аларга жетүү жолдорун аныктоо мүмкүнчүлүгүн түзөт. Ал эми укук инсандардын сырткы аракеттерин, алардын бири-бирине болгон ээнбаштыгын чектейт жана ушул максатта гана анын мажбурлоочу күчү керек. Өз кезегинде. Кант мыйзамдуу мыйзамдарга баш ийген адамдардын көбүн түшүнгөн мамлекет гана укукка стимул берүүчү күч бере алат» [3.с.286] дейт.

Белгилүү орус философу И.А. Ильин: «Жамандыкка чыныгы каршылык көрсөтүү үчүн анын төрт негизги касиетин: биримдик, агрессивдүүлүк, алдамчылык жана көп түрдүүлүктү тең дайыма эстеп, алардын баары менен эсептешүү зарыл» [4.с.22]деп караган.

Белгилүү теоретик С.Н. Братусь; «Мажбурлоо бул буйрукту өз ыктыяры менен аткарбаган учурда ченемдик жобого, жалпы эрежеге негизделбеген жеке бийлик актысынын, жеке буйруктун аткарылышын камсыз кылат.

Буйрук (буйрутма) айтылган адамга күч колдонуу жолу менен өкүмдардын эркин аткаруу катары мажбурлоо да бул учурда болоору ырас. Ал эми бул буйрук жалпы эрежеге негизделбесе, андан чыкпаса, аны колдонуу актысы болбосо, ал (буйрут) ээнбаштыкка айланат» [5.с.44] деп белгилеген.

Кээ бир окумуштуулар: «мажбурлоо жөнүндө сөз кылып, аларга баш ийген адамдарга мамлекеттик эрк таңуулоо жана ошону менен аларды укукка каршы жүрүм-турумдан оздуктоо үчүн бул адамдардагы коомго каршы мотивдерди басуу жолу менен башкаруучунун эркин аткарууну билдирет. Кеп психикалык мажбурлоо жөнүндө болуп жатат» [6.с.23] деп белгилешет.

Н.А.Огурцов: «мажбурлоо категориясын мамлекеттик мажбурлоо менен гана байланыштырган авторлор менен да талашып-тартышат. Коомдук мажбурлоону өз милдеттерин бузган адамдарды моралдык жактан айыптоо катары мүнөздөп, мамлекеттик-укуктук жана коомдук-моралдык мажбурлоонун өз ара байланышын, өз ара аракеттенүүсүн жана өз ара өтүшүн баса белгилеп» [7.с.45]кеткен.

С.М. Юткина: «Мамлекеттик мажбурлоону көп аспективдүү социалдык-укуктук көрүнүш катары ар кандай позициядан кароого болот. Ошону менен бирге анын маңызын жана мазмунун ачууда түрдүү ыкмалар бар: психологиялык (эрктүү),социалдык (башкаруу), укуктук (укуктук). Сандалган ыкмалар жыйындысы менен мамлекеттик мажбурлоонун мазмунун социалдык мажбурлоонун бир түрү жана укуктук көрүнүш катары, демократиялык укуктук мамлекетте анын социалдык ролун жана максатын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет» [8.с.130] дейт.

А.И.Козулин: «Мажбурлоо – бул мамлекеттик бийликти ишке ашыруунун зомбулук ыкмасы жана адамдардын жүрүм-турумуна ушунчалык таасир этүүдө чагылдырылгандыктан, алар коюлган талаптарга каршы аракеттенүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт» деп баса белгилеген [9, с. 23].

Кээ бир окумуштуулар: «Криминалдык зомбулук азыркы жалпы кылмыштуулуктун курамында үстөмдүк кылып, жарандардын укуктарына жана эркиндиктерине анын коом үчүн коркунучтуу формаларында олуттуу зыян келтирет, ошондой эле адамдарда агрессивдүү жүрүм-турумдун калыптанышына алып келет» [10.с.122] деген көз караштa.

Кээ бир окумуштуулар: «мамлекеттик мажбурлоо системасын ички жана тышкы биримдиктин, өз ара көз карандылыктын жана көз карандылыктын абалында болгон мүнөзү, предметтик мазмуну, билдирүү формалары жана башка айырмалоочу белгилери боюнча ар түрдүү элементтерди пайда кылган татаал көп аспектилүү социалдык-укуктук категория катары кароого болот» [11.с.34]деп белгилешет.

Көптөгөн авторлор: «мамлекеттик мажбурлоону укуктун ыктыярдуу мүнөзү сыяктуу маанилүү касиети менен белгилешет. Азыркы жана өткөн кылымдардагы ата мекендик жана чет элдик илимде кеңири жайылган түшүнүктөр боюнча укук «адамдардын эркин жана аң-сезиминин көрүнүшү болуп саналат, бирок кандайдыр бир эрктин жана кандайдыр бир элдин эмес, биринчи кезекте мамлекеттин (позитивдүү укукта) үстөмдүк кылуучу таптардын, башкаруучу социалдык топтордун, элиталардын, же коомдун көпчүлүк мүчөлөрүнүн эркинин, элдин (элдердин) эркин билдирген көрүнүш» [12.с.10] катары баалашат.

Белгилүү орус юристи Г.Ф. Шершеневич: «Эгерде мамлекеттик бийлик бийликтегилердин эрки күчкө негизделсе, анда ал алдыга койгон укуктук нормалар биринчи кезекте бийликтегилердин өздөрүнүн кызыкчылыгын чагылдырышы керек, бийликти ээлеп тургандар, алардын карамагындагылардын жүрүм-турумун бийликтегилердин кызыкчылыгына эң туура келген нормаларга киргизет» [13.с.159] деп ырастаган.

Жогорудагы талдоо көрсөткөндөй мажбурлоо категориясы бир канча таатаал ички түзүлүшкө ээ болуу менен бирдикте, өзүнө социалдык, психолгоиялык, укуктук, экономикалык элементтерди алат. Бул жерден мажбурлоонун ар кандай концепцияларын талдоо бизге бир катар жалпылыктарды топтоштурууга жана сыпаттоого шарт түзөт.

*Жыйынтык:* Демек, мамлекеттик мажбурлоо- бул социалдык мажбурлоо тутумундагы өз алдынча элемент катары жалпы ачык бийлик ыйгарымдардын негизинде субьекти тарабынан колдонулуучу таасир чаралары саналат.

Бул таасир чаралары материалдык укуктун негизинде пайда болуу менен так аныкталган процессуалдык эрежелердин жардамы менен ишке ашырылат. Кээ бир учурларда мындай мажбурлоо сот органынын өзгөчө монополиясы катары да келип чыгат.

Мамлекеттик мажбурлоонун мүнөздү белгилери катары төмөнкүлөрдү аныктоого болот:

- ал социалдык мажбурлоону бир түрү катары формалдуу аныкталган ченемдик чектерде берилет:

- ал атайын процессуалдык эрежелердин жардамы менен ишке ашырылат;

- калыбына келтирүү же компенсациялык максатын көздөйт.

-мамлекеттин институтташкан органдары жана кызмат адамдары аркылуу ишке ашырылат;

- укукбузуучунун аң сезимине, эркине жана жүрүм турумуна таасир этет;

- мамлекеттик мажбурлоо дифференциацияланган жана укукбузуунун формасынан көз каранды;

-аныкталган чектерде жана түрлөрдө колдонулат;

- гуманизм принцибине негизделип компромисстик ыкмаларды камтыйт.

**Колдонулган маалымат булактары**

1. Братусь С.Н. Юридическая ответственность и законность. – М., Юридическая литература.1976, С.48

2. Цицерон М.Т. О государстве. О законах. О старости. О дружбе. Об обязанностях. Речи. Письма / Предисл. Е.И. Темнова. - М.: Мысль. 1999. С. 165.

3. Кант, И. Метафизика нравов в двух частях. Т.I./ И.Кант. - СПб., 1995. С. 286.

4. Ильин И.А. О сопротивлении злу силой. М., 2014. С. 22.

5. Братусь С.Н. Юридическая ответственность и законность. –М., Юридическая литература.1976, С.44.

6. Королев А.И. Мушкин А.Е..О понятии политической власти, соотношении принуждения и убеждения: Государство и власть. – «Правоведение», 1963, № 2. С.23

7. Огурцов Н.А. Правоотношения и ответственность в советском уголовном праве. Рязань, 1976. С.45.

8. Юткина С.М. О сущности государственного принуждения. Юристъ - Правоведъ, №. 1 (68), 2015, С. 130-133.

9. Козулин А. И. Правовое принуждение (правовые начала государственного принуждения в советском обществе): дис ... канд. юрид. наук. Свердловск, 1986.С 23.

10. Жусубалиева, М. К. Научные подходы к определению преступного насилия / М. К. Жусубалиева, Ж. М. Бердимуратова // Тенденции развития науки и образования. – 2023. – № 95-3. – С. 122-124.

11. Гришин Д. А. Видовая и структурная дифференциация элементов системы государственного принуждения, Административное право и процесс № 07/2024.С. 34

12. Овсепян Ж.И. Государственное принуждение как правовая категория (Теоретическая формула отношения принуждения к государству и праву)// Государство и право. - 2007. -№12. С. 10.

13. Шершеневич Г. Ф. Общее учение о праве и государстве. Лекции. М., 1908.С. 159 .